БЕКИТЕМ
ОшБИнин директору
__________ Г.М. Турдубаева
«__________» 2025-жыл

# КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЖОБОСУ

Класстан тышкаркы иш-чара Ош билим берүү институту тарабынан кесиптик чеберчилигин жогорулатуу максатында келген мугалимдер арасында өткөрүлөт.

**Сынактын максаты:**

- класстан тышкаркы иш-чараны уюштуруудагы жаңы технологияларды колдонуу;
- облустун аймагында учурдун талабына жараша, жаңы технологияларды пайдаланып иш-чара өтө билген мугалимдердин санын көбөйтүү;
- заман талабына жараша өз чыгармачылыгын, ишмердүүлүгүн социалдык желелерде жыйылта алуусуна багыт берүү.

**Сынакты өткөрүүнүн шарттары жана мөөнөттөрү;**

***Сынак 2 тур менен өткөрүлөт***

**1-тур**. Сынакка катышуучулар:

- алгач Ош билим берүү институтунун соцтармактардагы баракчаларына (Инстаграм: **@oshbilim** Фейсбук: Ош билим берүү институту) катталуусу;
- андан соң класстан тышкыркы иш-чарага даярданып жаткан учурлары боюнча ар кандай контент (текст, фото, видео ж.б.) даярдоосу;
- даярдаган эмгектерин пост, ошондой эле сториске чыгарып, **@oshbilim** деп белгилеп, **#oshbilim** хештегин пайдалануусу;
- ар бир курс жетекчи курс угуучулардын ичинен сынакка катышуучулардан бирөөсүн тандап алат, анын сынакка даярдануусуна жана катышуусуна мүмкүнчүлүк түзөт.

**2-тур.** Атайын түзүлгөн комиссия курамы курс жетекчилер тарабынан жактырып алынып сынакка катышкан катышуучуларга класстан тышкаркы иш-чараны чыгармачылык менен уюштура билүү деңгээлине карап упай берет.

***Сынактын өтүү мөөнөтү:***

- курс мезгилинин 1-жумасы: кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курсуна келген курс угуучуларынын арасынан (куратору тарабынан) тандалып алынат;
- курстун экинчи жумасында 2 (финалдык) туру ушул жобонун кийинки пунктундагы багыттарынын негизинде өтөт. Кайсы багытты тандап алуу катышуучунун каалоосуна жараша болот.

Scanned with CamScanner

**Сынактын багыттары:**

- Афган ардагерлеринин күнү;
- Бүткүл дүйнөлүк Эне тил күнү;
- Ата-мекенди коргоочулардын күнү.

**Сынакты уюштуруу комитети:**

- Сынак Ош билим берүү институтунун инновациялык процесстерди уюштуруу жана башкаруу кабинети тарабынан жүргүзүлөт жана талапкердин укуктары корголот.

**Сынактын калыстары:** эксперттик кеңештин курамы Ош билим берүү институнун адистеринен бардык тур үчүн 3 (үч) адамдан турган курамда түзүлөт.

**Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо:**

- комиссия мүчөлөрүнүн жыйынтык упайларынын суммасы боюнча эң жогорку упай топтогон талапкерлер 1-2-3-орундарга татыктуу деп табылат.
- сынакта жеңүүчү деп табылган курс угуучулары Ош билим берүү институтунун **Грамотасы** менен сыйланат.

Scanned with CamScanner